КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

“КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ” МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА”

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**14-август 2024-жыл № 2** **Совет айылы**

**Кеңеш айыл өкмөтүнүн “Кеңеш-Суу” Суу Пайдалануучулар Ассоцациясынын карамагындагы кароосуз калган ички чарбалык ирригация системаларын жөнүндө.**

Базар-Коргон райондук мамлекеттик администрациясынын 02.08.2024ж. № 01-11/2700 сандуу катындагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 29.04.2024ж. № 207 “Суу чарба секторун натыйжалуу башкаруу жана өнүктүрүү жөнүндө” токтому боюнча Кеңеш айыл өкмөтүнүн “Кеңеш-Суу” Суу Пайдалануучулар Ассоцациясынын карамагындагы ички чарбалык ирригация системаларын жана кароосуз калган ички чарбалык ирригация системаларын Базар-Коргон райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү максатында Кеңеш айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезексиз VII-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл өкмөтүнүн “Кеңеш-Суу” Суу Пайдалануучулар Ассоцациясынын карамагындагы ички чарбалык ирригация системаларын жана кароосуз калган ички чарбалык ирригация системаларын Базар-Коргон райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү жагы жактырылсын.

2. Токтомдун аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Н.Турдукуловко жана Кеңеш-Суу Суу Пайдалануучулар Ассоцациясынын жетекчиси Т.Эргешевке жүктөлсүн.

3. Токтом Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү” Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

4. Аталган токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын реестрине киргизүү жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин жооптуу катчысы Ж.Ураимовага милдеттендирилсин.

5. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Б.Матишовко, А.Азимбаевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Ш.Канполотов**